ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ

ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ

HISTORICAL SCIENCES

DOI:10.26104/NNTIK.2022.33.60.041

*Абдыкулова Р., Тажибай кызы Ж.*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МЕКТЕП-МЕДРЕСЕЛЕР (XIX кылым - XX кылымдын башы)

*Абдыкулова Р., Тажибай кызы Ж.*

# ШКОЛЫ-МЕДРЕСЕ В КЫРГЫЗСТАНЕ (XIX век - начало XX века)

*R. Abdykulova, Tazhibai kyzy Zh.*

# SCHOOL-MADRASAS IN KYRGYZSTAN (XIX century - early XX century)

*УДК: 947.084/94.47 (575.2)*

*Баарыбызга белгилүү болгондой XIX к. жана XX к. башы Кыргызстандын тарыхында олуттуу өзгөрүүлөр менен коштолгон. Дал ушул мезгилде Орус падышачылыгы Кыргызстанды эле эмес акырындап бүткүл Орто Азияны басып алган. Башка өлкөнүн колониясына айлануусу менен кыргыздардын коомдук, саясий, социалдык, экономикалык жашоосу болуп көрбөгөндөй өзгөргөн. Падышачылык орустарды көчүрүп келүү, жер реформасы, шайлоо ж.б. реформаларды жүргүзгөн. Мунун натыйжалары ар кандай каршылыктар жана көтөрүлүштөр менен коштолгон. Ушундай бир учурда кыргыздарда билим берүү, кат сабат таануу, жазуу жана мектеп-медреселер бар беле, бар болсо кандай абалда эле? Кыргыз коому канчалык деңгээлде билимдүү, канчалык деңгээлде билимге, жазууга маани беришкен жана коомдо мектеп-медреселердин орду кандай болгон. Макалада XIX к. жана XX к. башында ачылган мектеп-медреселер андагы билим берүү жана мектеп-медреселерден билим алгандардын коомдогу орду тууралуу баяндап берүүгө аракет жасалат.*

***Негизги сөздөр:*** *Кыргызстан, мектеп, медресе, агартуучулук, билим берүү, вакф.*

*Как известно, XIX и начало XX века ознаменовались значительными изменениями в истории Кыргызстана. Именно в этот период Российская империя постепенно завоевала не только Кыргызстан, но и всю Среднюю Азию. Будучи колонией другой страны, социальная, политическая, культурная и экономическая жизнь кыргызского народа изменилась как никогда. В империи проводились реформы как, переселение русских, земельная реформа, выборы и другие реформы. Результаты этого сопровождались различными протестами и восстаниями. Были ли в то время у кыргызов образование, грамотность, письменность, школа и медресе, и если да, то как это было? Каким был уровень образования в кыргызском обществе, важность образования и письменности, роль медресе в обществе. В статье пытаются описать образование XIX - начало XX века и первоначальные открытые школы, и медресе, уровень образования и место учеников медресе в обществе.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан, школы, медресе, просвещение, образование, вакуф.*

*As we all know, the XIX and early XX centuries were marked by significant changes in the history of Kyrgyzstan. It was during this period that the Russian Empire gradually conquered not only Kyrgyzstan but the whole of Central Asia. Being a colony of another country, the social, political, social and economic life of the Kyrgyz people has changed like never before. The empire carried out Russian resettlement, land reform, elections, and other reforms. The results of this were accompanied by various protests and uprisings. At that time, did the Kyrgyz have education, literacy, writing and madrassas, and if so, what was the situation? The level of education in Kyrgyz society, the importance of education and writing, and the role of madrassas in society. The article tries to describe the education of the XIX- beginning of the XX century and the first open schools and madrasas, the level of education and the place of students of madrassas in society.*

***Key words:*** *Kyrgyzstan, schools, madrassas, enlightenment, education, vaqf.*

**Киришүү.** Дүйнөлүк аренада билим берүүчү жайлар катары - мектеп жана медреселерге байланышкан алгачкы тарыхый маалыматтар VIII кылымга таандык. Изилдөөчү В.В. Бартольддун берген маалыматы боюнча мусулмандар ислам динин кабыл алгандан тартып эки типтүү мектептер белгилүү болгондугун белгилейт. Алар башталгыч окуу жайы катары – мектеп, жогорку диний окуу жай катары- медресе [1, 9-б.]. Мектеп жана медреселердин пайда болушу түздөн түз ислам дини менен байланышкан. Ислам growth динде билим алууга өзгөчө көңүл бурулгандыктан, алгачкы милдет катары мечит, мектеп жана медреселерди курууну көздөлгөн. Мындан улам тарыхта исламизация процесси жүргөн жерлерде мечиттер курулуп, мечиттердин астында билим берүү жайлары катары мектеп-медреселер ачыла баштаган.

Кыргызстандагы билим берүүнүн тарыхына байланышкан экинчи булак катары Дүйшө Айтмамбетовду кабыл алууга болот. Анын Кыргызстандагы революцияга чейинки мектептер (Дореволюционные школы в Киргизии) аталышындагы эмгегинде ислам дини

Аравиядан чыгышка жана батышка тарашы менен мектеп-медреселер да чыгыштан батышка чейин жайылгандыгын белгилейт. Автор мунун менен катар Мароккодон Кытайга чейин бир системадагы окуу жайлардын болгондугун белгилейт. Алжирдеги же Константинопольдогу (азыркы Стамбул) же Бруссадагы мечиттерде окшош картинанын болгонун билдирет. Чоң мечиттердин ичинде медреселер болгонун тарыхый маалыматтар тастыктап турат. Мындай көрүнүштөгү медреселердин бири X кылымдагы Каир шаарында Азхар мечитинин медресеси. Ал бүгүнкү күнгө чейин уланып, өз ишин аткарып, күнүбүздөгү университетке айланган. Атүгүл күнүбүздө көпчүлүк арзуу кылган, баалаган жогорку окуу жайы болуп эсептелинет [2, 777-б.].

*Мектеп-медресе сөздөрүнүн этимологиялык мааниси*. Медресе жана мектеп сөздөрү арапчадан кыргыз тилине оошуп келген сөзөр болуп саналат. Мааниси жагынан дарс берүүчү жай, окуу жай дегенди түшүндүрөт. Орто Азия аймагына ислам динини келиши менен маданиятка жана билимге тиешелүү сөз казынасы негизинен арап тилинен келген сөздөр болуп эсептелет. Түркстан крайында алгачкы медреселер XV кылымга таандык болуп, алар Ташкент, Кокон жана Самарканд шаарларында болгондугу тууралуу малыматтар кездешет. Ошентсе да медреселердин көпчүлүк бөлүгү XIX кылымда пайда болгон [4, 2-б.]. Отурукташкан калктын арасында мектеп жана медреселер кездешет. Мындан тышкары кыргыздардын чарбалык маданий тиби көбүнесе көчмөнчүлүк турмуш болгонунан боз үйлөр да билим берүүчү жай катары колдонулуп келгенин айта кетүү керек.

XIX-XX кылымдын башына чейинки мезгилде, асыресе Кокон хандыгынын тушунда мектеп-медреселерде мугалимдик кесипти аркалагандар өзбек улутунан болгон. Бирок кийинчерээк татар улутунан да келип, мугалимдик кесипте иштегендер арбын болгон. Россиялык окумуштуу Ивановдун берген маалыматы боюнча исламды жаюу жана билим берүүнү таратуу бир гана отурукташкан калктын арасында эмес, көчмөн калктар жашаган жерлерде, башкача айтканда кыргыздардын, казактардын, түркмөндөрдүн байырлаган жерлерине чейин жайылтылган. Автордун түшүнүгүндө жана изилдөөсү боюнча көчмөндөрдүн арасында чатыр, боз үй мектептери ачылган. Муну менен бирге мектептердин саны аябай көп болгон [3, 175-б.].

*Мектеп-медреселерде маяна маселеси*. Оор шарттарга карабастан кыргыз элинин билим алууга ынтызарлыгы жакшы көрүнүштөрдүн бири. Айрыкча ата-энелер балдарын окутуу жана өз салымын кошуу үчүн апта сайын төртүнчү күнү «*бейшембилик*» аталышында мугалимге чын көңүлдөн чыккан ар түрдүү белектерин берүүлөрү көңүлдү бурбай койбойт. Бул маселе боюнча А.М. Тургунбаеванын эмгегинде М.Геердин Түркстанга саякат аталышындагы эмгегине шилтеме берген чакта алгачкы билим мектептерде берилерин, мектептер көбүнчө мечиттердин ичинде жайгашканын, мектептин мугалимдери катары имам же азанчы эмгектенгенин жана мугалимдердин эмгек акылары ар бейшемби күндөрү «бейшембилик» деп аталган ата-энелердин белектеринен жыйналганынан кабар берет. Алардын маянасы көбүнесе натуралдык чарбанын түшүмү катары ун, күрүч, эт, туз ж.б.у.с. азыктар менен берилген. Мектептин бүтүрүүчүлөрү мугалимдеринен белек катары «селде» алган [9, 6-б.]. Мындай калктын билим берүү жаатында көргөзгөн колдоосу алардын балдарынын билим алуусуна канчалык деңгээлде маани бергендигин көрсөтүп турат.

*Мектеп-медреселерде окуган окуучулардын саны тууралуу маалымат.* Кокондуктардын таасири астында жана Ферганага жакын жайгашкан Кыргызстандын түштүк аймагында ислам дини түндүк жактарга караганда кеңири таркаган. Мисалы, Ош жана Өзгөн шаарларында мечит, медреселер салынып, алардын саны кыйла көбөйгөн. Себеби, кыргыздарды ислам динине тартууда мектеп , медресе сымал окуу жайлардын ролу өтө чоң болгон. Статистикалык маалыматтарга караганда XVIII кылымдын аягында же 1883-жылы Ош шаарында жана Ош уездинде 86 мектепте 939 бала окуган. Алардын саны кийинчерээк бир топко көбөйгөн. Мисалы, 1908-жылы 172, 1914-жылы 229 мектепте 3170 окуучу окуган. Кыргызстандын түштүгүнө салыштырмалуу түндүк жактарда мусулман мектептеринин саны аз болгон. Мисалы, 1880-жылы Пржевальск уездинде болгону 4 мектеп болуп, анда 111 бала билим алган. Ошентсе да бара бара алардын саны көбөйгөнүн байкоого болот. 1908-жылы 14 мектеп жана 500 балага чейин өскөн. Пишпек уездинде болсо 1908-жылы 14 мектепте 715 бала билим алган [5, 488-489-бб.].

Кээ бир изилдөөчүлөрдүн оюу боюнча Кыргызстандын аймагында жогорку окуу жайы болгон медреселердин мектептей өнүгүүгө жетпегендиги айтылат. Мунун негизги себеби ислам дининин кыргыздардын арасында начар жайылышы экендиги белгиленет [6, 52-б.] Бирок бул пикирдин жалпы Кыргызстан аймагы үчүн өтүмдүү деп кабыл алуу жаңылыштык болот. Анткени Кыргызстандын түндүк аймагында көчмөнчүлүк жашоо турмушу басымдуулук кыл-

гандыгы үчүн билим берүүчү жайлар (мектеп-медресе) туруктуу болгон эмес. А бирок, түштүк аймакта болсо отурукташкан жашоо тиричилик басымдуулук кылып, көбүнесе дыйканчылык менен алектенишкендиктен туруктуу мектеп, медреселердин болгонун айтууга болот. Бул көрүнүш калктын сабатсыздыгын жоюудан тышкары ислам дининин жайылышына да өз таасирин тийгизген.

1890-ж. 1-июнунан тартып 1893-жылдын 1-июнуна чейинки мезгил аралыгындагы курулган Түркстан аймагына таандык медреселердин саны такталган. Кубатованын берген маалыматы боюнча Самарканд областында 65 медресе болгон. Аларда 85 мударрис, 1854 молдо (окуучулар) болгон. Мындай медреселердин вакфтык мүлктөрү 1895-жылы – 3528 теше жери, 254 дүкөнү, дүкөндөрдүн алдында жеке адамдар тарабынан курулган жайлар, 9 кербен сарайлары, алардын алдында курулган 4 жай, 6 тегирмени болгон [5, 61-б.].

*Мектеп-медреселердин саны тууралуу маалымат.* Остроумовдун берген маалыматы боюнча 1892-жылы Кыргызстанда 7 эле медресе болсо, анын бешөө Ош шаарында жайгашкан. Алар Кокон хандыгынын тушунда, аталган хандыктын уруксаты, атүгүл колдоосу менен курулган. Мындан тышкары жаңы медреселер 1800-ж. Оштун жанына, 1826-ж. Жаңы Ноокатта, 1826-ж. жана 1850-жж. Ошто, 1841-ж. Эски Ноокатта, 1855-ж. Исфанада, 1860-ж. Сузакта, 1862-ж. Кара-Сууда ачылган. 1882-ж. ушул аталган медреселердин көпчүлүгү иштеп турган. Алардын ичинде Ош шаарындагы Иса, Алымбек даткалардын, Калмырзанын медреселери болгон [5, 489-б.].

Чоң медреселердин катарына кирген Алымбек Датканын медресеси - дарсканадан, ханакадан жана окуучулар жашоочу 28 бөлмөдөн турган. Медресенин вакфтын өздүк мүлкүнө 10 миң танап иштетилүүчү жер, бир нече соода түйүнү жана тегирмен да кирген. Мында 1880-жылы 75 окуучу окуган. Медресенин башчысы датканын уулу Баатырбек болгон. Аталган медресе 1917-1918-жж. чейин иштеп, жетимиш жылдын ичинде жүздөгөн балдардга билим берилген. Медреседе бардар байлардан башка кедей-кембагалдардын да балдары билим алган. Статистикалык маалыматтарга караганда лардын саны 120 болгон. Аларга Алымбек датка кайрымдуулук кылып кийим-кече, тамак-аш, акча-тыйын жана жатаканадан өксүтпөй жабдып турган [8, 370-б.].

Дарс окуучу дамбылда – мугалимдер дагы алыскы Бухара, Самарканд, Хивадан чакыртылган. Ошондой белгилүү аалымдардын бири Хаджимат-аалым Ак Медресенин алгачкы башкы мударриси болгон. Окуучуларга диний мүнөздөгү билим бергенине карабастан Алымбек датка негиздеген медресе аймакта билимдүү адамдардын көбөйүшүнө, коңшулаш өлкөлөр, элдер менен маданий алака-байланыштарынын кеңейишине өбөлгө түзгөн [8, 371-б.].

Түркстандагы бардык медреселерде окууга кабыл алуунун шарты, андагы окуу программалары, окуу китептери, окутуу усулдары негизинен окшош болгон. Мектеп менен медресенин айырмасы, мектептерде арап тилиндеги Кур'анды, перс жана түрк тилиндеги эмгектерди туура окууну үйрөнүшкөн. Ал эми медреседе окуу китептеринин бир аз бөлүгү эле персче болуп, негизги бөлүк китептер арап тилинде болгон.

Мектепте мугалимдер балдарга медреседегидей талаптарды койгон эмес. Окуучулар мектептен арап тамгаларын жатташкан, туура окуганды, туура жазганды, Куран аяттарын (сүйлөмдөрдү) туура жаттаганды үйрөнүшкөн жана мударристер алардын билим алуусуна көңүл бурушкан. Медреседе болсо, мударристер окуучулардан арапча китептерди кеңейтип окуу менен бирге Курандан жаттаган аяттарды которууну жана маани-маңызын түшүнүп, чечмелеп берүүнү талап кылган.

Кыргыз мектептеринде татар, өзбек жана кыргыз молдолору эмгектенген. Молдолор мусулман элдери арасында саякат жүргүзүү менен балдарды тарбиялаган. Окутуу тили жана китептери бир болгондуктан, билим берүүдө кандайдыр бир кыйынчылык болгон эмес. Кээ бир учурларда мугалимдер үй-бүлөлөрү менен келип, мектеп катарында колдонулган чатырларда калып, балдарды тарбиялаган [10, 64-б.].

Молдолор, б.а окуучулар медреседе 3-5 жыл аралыгында арап тилин окуп үйрөнүшүп, шариат боюнча мусулман укугун жергиликтүү элдин тилинде окушкан. Муну менен катар эле перс тилин жана адабиятын да өздөштүрүшкөн. Натыйжада кыргыз коому арап, перс адабияты жана маданияты менен жакындан таанышып, ой жүгүртүү, көз караштарында жаңыча пикирлер пайда болгон. Кийинчерээк арап, перс чыгармаларынан таасирленген жазгыч акындар пайда болгон.

*Мектеп-медреселерде билим.* Медреселерде окуу жылы октябрда башталып, апрель айында аяктаган. Окуу ишемби күнү башталып, бейшемби күнгө чейин уланган. Алардын эс алуусу дайыма жума күнү болгон. Анткени мусулмандарда жума күн майрам болуп саналган. Мындан сырткары рамазан айында да билим алышкан эмес. Орозо айт жана курбан айт май-

рамдарында да каникул болгон. Бул учурда балдар өз алдынча окуу менен алек болушкан. Мүмкүнчүлүгү болгондор атайын мугалим жалдап окушкан. Ал эми кедей окуучулар болсо, иштеп акча тапканы аракет жасашкан.

Медресенин окуучулары кенже (адна), орто (аусат) жана чоң (ала) болуп үч топко бөлүнүшкөн. Кенже группадагы окуучулар Акаид китебине түшкөнгө чейин, ортоңку группадагылар Мулла-жалял китебине чейин үйрөнүшүп, андан соң чоң группага өтүшкөн. Ар бир бөлүк үчүн атайын мөөнөт болгон эмес. Негизи бир группаны 3-4 жылда бүтүрүшкөн. Бирок кээде бир окуучунун кенже группада 8-10 жыл окуганы да катталган. Мындан байкалгандай ар бир окуучунун жөндөмдүүлүгүнө жараша болгонун байкоого болот. Эгер окуучу өтө зирек, жөндөмдүү жана аракетчил болуп өзүнүн группасынан ашып кетсе, ал жогорку группага кабыл алынган.

*Мектеп-медреселерде окуу программасы.* Күндүн окуу программасы багымдат намазы менен башталган. Таң аткан учурдагы ибадатты аткарган соң мударрис дарсканага келип, окуучуларды күтүп отурган. Окуучулар дарсканага кирип, мударристи айланасына тегеректеп отурушкан. Мударристин маңдайына алдыңкы окуучулардан куран жаттагандардан, тагыраак айтканда каарылар отурган.

Сабак мурда өтүлгөндөрдү кайталоо менен башталган. Каары Курандан бир сап же андан көбүрөөк окуган жана мударрис аны чечмелеп, мисалдар менен ачыктап, түшүндүрүп берген. Аны менен бирге грамматикасын да үйрөткөн. Сабактар 2-3 саатка созулуп, ушул убакыттын ичинде 1-2 аят (сүйлөм) ачыкталган. Артынан экинчи группа кирүү менен уланып отура берген. Бул жагдай түшкө чейин сабак өтүлүүсү менен артынан эс алуу коштолгон. Мындан кийин зухр (бешим) намазы окулган. Намаздан кийин кайрадан сабактар уланып, ал кечки аср намазына (убакыт чеми жай күз мезгилине жараша өзгөрүп турган) чейин өтүлгөн.

Белгилүү убакытка чейин окуучу бир китепти окуп, аны бүткөндөн кийин гана экинчи китепке өткөн. Бир китепти бүткөндө андан экзамен алынган эмес. Бирок медресени бүткөн окуучу чындыгында казы, муфтий жана мударрис болууга ылайыктуу экендигин билүү үчүн эл алдындагы сындан өткөн. Кызык тарабы сабактарга катышууну катуу көзөмөл кылбагандыктан, сабактан калгандардын саны көп болгон [2, 34-б.]. Мударристер аз уктаган жана эрте жатып, эрте тургандарга көбүрөөк көңүл бурган. Анткени адам эрте жатып эс ала турган болсо, анда ал түндүн ортосуна чейин эле уйкусу канып, күнү бою сергек жүрө турган күчкө ээ болот түшүнүгү орногон. Дүйнөдөгү ийгиликке жеткен инсандардын көпчүлүгүнүн өмүр таржымалына көз чаптырсак алардын эрте жатууну көндүм адатка айландырышканын байкоого болот. Бүгүнкү күндө да ийгиликтин, баюунун жолдорун үйрөткөн эмгектер жана практикалык маалымат берүүчүлөр кечинде эрте жатууну сунушташат.

*Мектеп-медреселердеги окуу курстары.* Ар бир курстун өзүнө тиешелүү окуу куралдары болгон. Мисалы кенже группалардын окуучуларына арап тилинин грамматикасы үйрөтүлгөн. Анда китептердин көпчүлүгү перс жана арап тилинде болгон. Грамматикалык китептер менен бирге кенже группанын окуучулары ислам дининин шарттарын жана инсандын укуктарын үйрөткөн Фикх-и кайдани, мухтасар-уль викая жана башка китептерди да окушкан. Алардын арасында Фикх-и кайдани, мухтасар-уль викаяда мусулмандардын негизи эле инсандын граждандык укугу, үй-бүлө укугу, кылмыш укугу жана жалпы эле мамлекеттик укуктары жазылган.

Арап тилинин грамматикасын (орфоэпия менен стилистиканы кошкондо) арап тилиндеги бир нече атайын китептердин жардамы менен өздөштүрүшкөн. Арап тилинин грамматикасы боюнча негизги китептердин бири «Кафия» болгон. Азыркы Кыргызстандын да аймагын кучагына алган Түркстан чөлкөмүндөгү медреселердин студенттери арап окумуштуулары айткандай «Этимология илиминин энеси, ал эми синтаксис алардын атасы» деп эсептелген.

Экинчи курстун окуу куралы Масалия (фикх) болгон. Бул курста исламдын өкүм-жоболорун үйрөткөн фыкх маселелерин кенен кесир баяндаган арапча китептерди окушкан. Мында окуучулар ислам дининин укугун толугу менен өздөштүрүп чыга алышкан. Мушкилят (логика) болсмо жалпы билим берүүчү курс болуп эсептелген. Арапча китептерден турган жана андагы маселелер мазмуну жагынан татаал жазылган. Бул курстун китептери ар бир адам түшүнө турган деңгээлде болбогондуктан аларды мударристердин жардамы менен түшүнүшкөнгө аракет кылышкан [2, 37-38-бб.].

*Мектеп-медреселердин ички, тышкы көрүнүшү.* Медреселердин түзүлүшү боюнча О. Керенскийдин макаласында кенен маалыматтар берилген. Ар бир медресе төрт бурчтуу болуп, кирпичтен курулган. Ал эми медресенин ичинде окуучулар үчүн худжра же кельи деп аталган бөлмөлөр, кээде мугалимдер (мударрис) үчүн да, дарскана б.а. класстар, бирөө же бир

нече намазкана орун алган. Короонун ортосунда көбүнчө дааратканa (даарат алуучу жай) болгон. Медресеге кире турган жактары куполдор менен коздолгон. Мыкты медреселердин класстары жана мечитинин чатыры кирпичтен курулган. Ушундай медреселерди хиштинг (кирпичтен) деп аташкан. Ал эми чатыры жыгачтан болгондорду *чубин* деп аташкан. Окуучулар жатуучу кельи деп аталган бөлмөлөр көлөмү боюнча үч аршинден алты аршин квадратка чейин болгон. Анда эң аз 3, эң көп 6 бала жашаган. Анын терезе жана эшиктери медресенин ички короосуна караган [7, 2-б.].

Мусулман элдердеги билим берүү тармагынын өнүгүшү боюнча изилдөөлөр көрсөткөндөй, ислам маданияты Борбордук Азиядагы түрк элдеринин улуттук аң-сезиминин өсүшүнө, илиминин калыптанышына, агартуу кыймылынын жайылышына шарт түзгөн. Демек ислам маданиятын таанытуунун жана жайылтуунун очогу болгон мектеп, медреселердин орду өтө маанилүү болгон. Мусулмандардын окуу жайы болгон мектеп, медреселерде Куран менен бирге бир нече светтик билимдерди да үйрөнүшкөн жана чыгыштын руханий баалуулуктары менен тааныша алышкан. Алгачкы кыргыз агартуучулардын дүйнө таанымына ислам дининин тийгизген таасири чоң болгон. Кыргыз элинин агартуучулары Молдо Нияз, Нурмолдо, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Алдаш Молдо, Эшенаалы Арабаев жана башкалар дал ушул мектеп жана медреселерден алгачкы билимин алган кыргыздан иагартуучулары болушкан.

**Адабияттар:**


1. Бартольд В. Ислам. Общий очерк. - Петроград, 1918.
2. Айтмамбетов Д. Дореволюционные школы в Киргизии. – Фрунзе, 1961.
3. Иванов П.П. Очерки по истории Средней Азии (XVI-середине XIX в.). Издательство Восточной Литературы. - Москва, 1958.
4. Керенский Ф. Медресе Туркестанского края. Журнал Министерства народного просвещения. № 11. 1989. Межов В.И. «Туркестанский сборник». 418-том.
5. Кубатова А. Кыргызстандагы жадидчилик (1900-1916). – Бишкек, 2012.
6. Кыргызстандын тарыхы. 2-том, 2016.
7. Остроумов Н. Мусульманская высшая школа (мадраса). Журнал министерство народного просвещения. № 10. 1906. Межов В.И. «Туркестанский сборник». 418-том. 2-б.
8. Өмүрбеков Т. Кыргыз тарыхы: Улуу инсандары. - Бишкек. Турар. 2018.
9. Тургунбаева А.М. Формирование системы народного образования в период культурной революции в Киргизии (XX в. 20-30 г.). Кыргызско- Российски Славянский университет. - Бишкек. 2008.
10. Gul Y.E. XIX. Yuzyilda Turkiyedeki ve Kirgizistandaki mektep ve medrese egitim sistemlerinin mukayeseli olarak incelenmesi (sibyan mektepleri ve klasik medreseler). Biskek. 2013.
11. Тайирова Н.М., Зулуев Б.Б., Тайиров М.М. Медресе в юго-западном регионе Кыргызстана и их роль в обучении молодежи (конец XIX в. - начало XX в.). / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 8. С. 94-100.
12. Баястанов Н.М. Медресе и университеты Исламского Средневековья. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2015. №. 11. С. 154-156